КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жыл 26-сентябрь №4** **Боо-Терек айылы**

**Чубак Сатаев атындагы маданият үйүнүн аймагынын күн чыгыш тарабынан, "ЖАК Альфа Телеком" (Мегаком) уюлдук компаниясынын антеннасын орнотуу үчүн 16 квадрат метр жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө.**

Чубак Сатаев атындагы маданият үйүнүн аймагынын күн чыгыш тарабынан, "ЖАК Альфа Телеком" (Мегаком) уюлдук компаниясынын антеннасын орнотуу үчүн 16 квадрат метр жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э.Буланбековдун сунушун угуп, талкуулап, Боо-Терек айылдык жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXIX сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. "ЖАК Альфа Телеком" (Мегаком) уюлдук компаниясынын орното турган антеннасы жергиликтүү калктын тургундарына зыяндуулугун алып келбегендиги тууралуу кагаз түрүндөгү кепилдиги эске алынсын.

2. Жергиликтүү калктын тургундарына зыяндуулугун алып келбегендиги жөнүндөгү тиешелүү кепилдик иш кагаздары алынгандан кийин "ЖАК Альфа Телеком" (Мегаком) уюлдук компаниясынын антеннасын орнотууга уруксат берилсин.

3. Боо-Терек айылындагы Чубак Сатаев атындагы маданият үйүнүн аймагынын күн чыгыш тарабынан, "ЖАК Альфа Телеком" (Мегаком) уюлдук компаниясынын антеннасын орнотуу үчүн айыл өкмөтүнүн кызыкчылыгын коргоп кымбат баада келишим түзүлүп жана 16 квадрат метр жер тилкеси мөөнөтсүз пайдаланууга бөлүнүп берилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышынын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**